КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ – АБАД ОБЛУСУ
БАЗАР – КОРГОН РАЙОНУ
**Ж.БӨКӨНБАЕВ АТЫНДАГЫ ГИМНАЗИЯ – ЖАТАК МЕКТЕБИ**

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ – АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ
БАЗАР – КОРГОНСКИЙ РАЙОН
**ШКОЛА ГИМНАЗИЯ - ИНТЕРНАТ ИМЕНИ Ж.БОКОНБАЕВА**

# Б У Й Р У К
# П Р И К А З

**«_25_» ___август___ 2021-жыл № _64/3_** **Базар-Коргон шаары**

**Мектептин ички регламентин бекитүү жөнүндө**

Ж.Бөкөнбаев атындагы гимназия-жатак жалпы билим берүүчү орто мектебинин окуу-тарбия процессин уюштурууда Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 21-июнундагы №403 “Кыргыз Республикасында жалпы мектептик билимдин мамлекеттик билим берүү стандартын бекитүү” токтомунун, КРнын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 11-августундагы №121 “Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн билим берүү чөйрөсүндөгү айрым чечимдерине өзгөртүү киргизүү жөнүндө” токтомунун жана КРнын Билим жана илим министрлигинин 2021-жылдын 24-майындагы №4/5 коллегиясынын чечиминин негизинде, окуу-тарбия процессин уюштурууда КРнын “Билим берүү жөнүндө” мыйзамын аткаруу максатында КРнын Билим берүү жана илим министрлигинин 2021-жылдын 28-майындагы №869-буйругу менен бекитилген КРнын жалпы билим берүү уюмдарынын 2021-2022-окуу жылы үчүн Базистик окуу планын негизинде мектептин ички регламентин бекитүүгө **буйрук кыламын:**

1. Ж. Бөкөнбаев атындагы гимназия-жатак жалпы билим берүүчү орто мектебинин окуу жылынын 5 күндүк окуу процессин үзгүлтүксүз жүргүзүлүшүн көзөмөл кылуу үчүн мектептин ички регламенти түзүлүп, бекитилсин.
1. Регламенти түзүүдө төмөнкүлөр эске алынсын:

- 1 сменалык окутуу 5 – 11 – класстардын бардыгына саат 08:00дон 17:25ке чейин жүргүзүлөт;
- Сабактар саат 08:00дон 13:00го чейин 6 саат сабак окутулат. Сабактын узактыгы 45 мүнөт, танапис убактысы сабактар аралыгында 5 мүнөттөн болуп, 4-сааттан кийин10 мүнөттүк танапис берилет.

- Түшкү тыныгуу мезгили (түшкү тамактануу убагы да кирет) саат 13:00дөн 15:00го чейин жатаканада жашаган окуучулар тарбиячылардын көзөмөлүндө эс алууда болушат;

- Компоненттин эсебинен предметтерге берилген сабактар, атайын курс, ийрим сабактары түштөн кийинки саат 15:00дон 17:25 ке чейин бардык 5 – 11 – класстарда окутулат. Сабактын узактыгы 45 мүнөттөн, танапис сабак аралыгында 5 мүнөттөн берилет;
5 күндүк окуу күнүнөн ашыкча ийрим сабактарын ишемби күнү сабактардын жүгүртмөсүнө киргизип окутууга уруксат берилет;

- Окуу жумалыгындагы күндөр боюнча бекитилген мектептин ички регламентинин сакталышына жооптуу администрация мүчөлөрү, жооптуу дежур мугалим жана жооптуу тарбиячы милдеттендирилет

2. Сабактардын жүгүртмөсү мугалимдердин окуу жүктөмдөрүнө ылайык түзүлүп, бекитилсин.

3. Мектептин ички регламентинин сакталышын көзөмөлдөөнү өзүмө алам.

**Мектеп директору : Оморов Т.**